| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛАСТЫ**<br>**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**<br><br>**НУРМАНБЕТ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**<br>**НУРМАНБЕТ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**НУРМАНБЕТСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**НУРМАНБЕТСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

17-октябрь 2022-жыл №54/Х111-28 Нурманбет а

## Каржы каражатын бөлүштүрүү жөнүндө

Нурманбет айылдык кеңешинин кезектеги сессиясында 2022-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен киреше бөлүгүнүн ашыра аткаруусу 2747,3миң сомго аткарылгандыктан, 2022-жылга карата түзгөн бюджетинин негизги каражаттар боюнча киреше жана чыгаша булагына тууралоо киргизүү жана каржы каражатын бөлүштүрүү жөнүндө маселесин карап жана талкуулап айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Айыл өкмөтүнүн “Салык агенти төлөөчү киреше салыгы” боюнча салыктын түрүнүн мерчеми 900,0миң сомго жана “Жерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара үчүн акы” боюнча салыктын түрүнүн мерчеми 1 100,0миң сомго көбөйтүлсүн.

2.А.Молдокулов атындагы орто мектебинин спортзалын оңдоо иштерине 70921 бөлүгүнүн 3111 статьясына 150,0 миң сомго жана 3112 статьясы 20 миң сомго көбөйтүлсүн.

3.М.Койбагаров атындагы орто мектебине проектор сатып алууга 70921 бөлүгүнүн 3112 статьясы 68,0миң сомго көбөйтүлсүн.

4.Нурманбет айылындагы клубун оңдоо иштерине 70821 бөлүгүнүн 3111 статьясы 45,0мин сомго көбөйтүлсүн.

5.Нурманбет айылына таштанды төгүүчү жай куруу иштерине 70629 бөлүгүнүн 3111 статьясына 117,0миң сомго көбөйтүлсүн.

6.Нурманбет жана Первомай айылындагы жаңы көчөлөргө гравий төшөө иштери 1000,0миң сомго аткарылсын, каржы каражаттары 70629 бөлүмүнүн 2221 статьясындагы үнөмдөлгөн каражаттардан жана 70629 бөлүгүнүн 2221 статьясы 500,0миң сомго көбөйтүлсүн.